**“Баткеним”**

**Сөзү: Жаныбек Кожошев**
**Обону: Туратбек Дүйшеев**

Кыйылган кырчын өмүрлөр,
Отуздан ашпай көбүңөр.
Мекен деп курман болдуңар,
Бейиштен болсун төрүңөр. ( 2жолу)

**Кайырма:**
Өрүк зар менин Баткеним,
Башталат сенден мекеним.
Ата Журт ыйык экенин,
Көргөздүң кыргыз жоокерим. (2жол)

Жалтанбай карап ажалга,
Тийгизбей колун жаманга.
Жардырып салып өзүңдү,
Бардыңар кайтпас кадамга. (2 жолу)

**Кайырма**:
Төрөгөн баатыр апалар,
Тарбия берген аталар.
Сакталат эсте ар дайым,
Силердин баатыр уулуңар. (2 жолу)

Ата Журт ыйык экенин
Көргөздүң кечээ нечени
Эр жүрөк кыргыз жоокериң
Силерге таазим этемин (2 жолу)

**Кайырма**:
Өрүк зар менин Баткеним,
Башталат сенден мекеним.
Ата Журт ыйык экенин,
Көргөздүң кыргыз жоокерим. (2жолу)